УДК:821.512.154(043.3)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-134-137

Көкчөева С.А.
Жусуп Баласагын атындагы КУУнун Баткен региондук көп тармактуу институту
Көкчөева С.А.
Баткенский региональный многопрофильный институт КНУ имени Жусупа Баласагына
Kokcheeva S.A.
Batken Regional Multidisciplinary Institute of Jusup Balasagyn KNU

ТАҢГЫЧ КАТЕГОРИЯСЫНЫН КЫРГЫЗ ТИЛ ИЛИМИНДЕ ИЗИЛДЕНИШИ
ИЗУЧЕНИЕ КАТЕГОРИИ ОТРИЦАНИЯ В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКОЗНАНИИ
STUDYING THE CATEGORY OF NEGATION IN KYRGYZ LINGUISTICS

Кыскача мүнөздөмө: Тил илиминин тарыхында таңгыч категориясынын маңызын аныктоого ар кандай өңүттөн: логикалык, философиялык, психологиялык жана лингвистикалык жактан мамиле жасалган. Окумуштуулар лингвистикалык таңгычты логика менен философиядагы тануу категориясы менен тыгыз байланышта карап, көп учурда алардын ортосундагы айырманы так ажырата албай келишкен. Таңгычтын илимдин башка тармактары менен тыгыз байланышы анын табияты жана маңызы жөнүндө түрдүү көз караштардын калыптанышына түрткү берген. Таңгыч маселеси түркологияда ар түрдүү түрк тилдеринин материалдарынын негизинде ар тараптуу изилденгени менен, кыргыз тил илиминде аталган маселе атайын изилдөөнүн объектиси катары алына элек. Буга карабастан, нормативдик грамматикаларда таңгычты уюштуруучу каражаттар тууралуу айрым маалыматтарды кездештирүүгө болот. Бул макалада таңгыч категориясынын айрым маселелеринин кыргыз тил илиминде изилденүү тарыхы каралат.

Аннотация: В истории языкознания к определению сущности категории отрицания подходили с различных позиций: логической, философской, психологической и лингвистической. Ученые рассматривали языковое отрицание в тесной связи с категорией отрицания в логике и философии, зачастую не проводя четкого разграничения между ними. Тесная связь отрицания с другими областями знания способствовала формированию различных взглядов на его природу и сущность. В тюркологии проблема отрицания всесторонне изучалась на материале различных тюркских языков, однако в кыргызском языкознании данная проблема до настоящего времени не становилась объектом специального исследования. Несмотря на это, в нормативных грамматиках представлены отдельные сведения о средствах выражения отрицания. В данной статье рассматривается история изучения отдельных вопросов категории отрицания в кыргызском языкознании.

Abstract: Throughout the history of linguistics, the essence of the category of negation has been approached from various perspectives, including logical, philosophical, psychological, and linguistic ones. Scholars have examined linguistic negation in close connection with the category of negation in logic and philosophy, often without clearly distinguishing between them. The close relationship between negation and other fields of knowledge has contributed to the development of various views on its nature and essence. In Turkic linguistics, the problem of negation has been extensively studied on the basis of data from various Turkic languages. However, in Kyrgyz linguistics, this issue has not yet been the subject of specialized research. Nevertheless, normative grammars provide some information on the linguistic means used to express negation. This article examines the history of research on certain aspects of the category of negation in Kyrgyz linguistics.

Негизги сөздөр: таңгыч; грамматикалык категория; кыргыз тил илими; этиш; терс форма; мүчө; тилдик каражаттар.

Ключевые слова: отрицание; грамматическая категория; кыргызское языкознание; глагол; отрицательная форма; аффикс; языковые средства.

Keywords: negation; grammatical category; Kyrgyz linguistics; verb; negative form; affix; linguistic means.

Кыргыз тил илиминде акыркы жылдары тилдик бирдиктерди ар түрдүү аспектилерден караган илимий-теориялык эмгектер жарык көрдү. Буга карабастан, илимий кызыгууну жараткан бир катар грамматикалык категориялар атайын изилдөөнүн предмети катары карала элек. Тилдеги ушундай көп аспектилүү, атайын изилдөөнү талап кылган маселелердин бири — таңгыч категориясы. Лингвистикалык таңгыч универсалдуу кубулуш болгондуктан, функционалдык-семантикалык категория катары тилдин ар түрдүү деңгээлдеринде көрүнө турган өзгөчөлүккө ээ.

Таңгыч маселеси түркологияда ар түрдүү түрк тилдеринин материалдарынын негизинде ар тараптуу изилденип келсе, кыргыз тил илиминде аталган маселе атайын изилдөөнүн объектиси катары толук карала элек. Лингвистикалык таңгыч боюнча айрым маалыматтарды окуу китептеринен кездештирүүгө болот, бирок аны бирдиктүү, көп деңгээлдүү функционалдык-семантикалык категория катары караган изилдөөлөр жетишсиз Кыргыз тилинин нормативдик грамматикаларында таңгыч өз алдынча тилдик категория катары каралган эмес. Бирок этиштин чак жана ыңгай категорияларына, ат атоочтун семантикалык топторуна, сын атоочту жасоочу мүчөлөргө арналган бөлүмдөрдө этиштин оң формасы менен катар терс формасын уюштуруучу -ба (-ма, -ме) мүчөсү, таңгыч ат атоочтор (эч ким, эч нерсе, эч качан ж.б.), ошондой эле сын атооч жасоочу -луу жана -сыз мүчөлөрү талдоого алынган. Демек, таңгычтын табиятын жана маңызын, танууну туюндурган тилдик каражаттардын функционалдык-семантикалык өзгөчөлүктөрүн атайын изилдөө зарыл.

Кыргыз тили агглютинативдүү типтеги тилдер системасында таңгыч жана аны уюштуруучу каражаттардын өнүккөндүгү менен өзгөчөлөнөт. Мындай нерсе биринчи кезекте, башка дүйнө тилдери сыяктуу эле таңгычтын кыргыз тилинде эң байыркы кубулуш экендиги, экинчиден, таңгыч категориясынын функциясынын кенендиги менен байланышкан. Таңгыч категориясынын функциясынын кенендигин шарттаган терс маанини уюштуруучу грамматикалык жана лексикалык каражаттар кыргыз тилинин калыптанышынын бардык этаптарында болгонун жазма эстеликтердин факты-материалдары далилдейт. Айталы, Махмуд Кашгаринин “Дивану лугат ат-түрк” сөздүгүндө таңгычты уюштуруучу -ba мүчөсү менен келген сүйлөмдөр өтө кеңири колдонулган: Alp erig javrïtma, ïqïlač arqasï jaγïrtma “Алп эрди жабыркатпа, аргымакты жоорутпа”, Ata tonï oγulqa jarasa atasïn tilämäs “Атанын тону уулуна жараса, атанын эсендигин тилебейт”, Bir tilkü terisin ikilä sojmas “Бир түлкүнүн терисин эки жолу сойбойт (сыйрыбайт)”, Böri qošnïsïn jemäc “Бөрү кошунасын жебейт”, Bar baqïr jok altun “Бар – бакыр (кадырсыз), жок – алтын (кадырлуу)”, Esändä eväk joq “Эсенчиликте шашылыш жок”, Kündä irük joq, begdä qïjïq joq “Күндө жылчык жок, бекте кыйык жок”, Beš eräŋäk tüz ermäs “Беш бармак барабар эмес” ж.б. [Толубаев, Каратаева, 2010].

Кыргыз тил илиминде таңгыч өз алдынча тилдик категория катары тааныла элек. Таңгычтар тилдеги эң байыркы кубулуш болгондугуна карабастан, анын табияты, лингвистикалык статусу, тилдик деңгээлдер менен карым-катышы боюнча изилдөөлөр дээрлик жокко эсе. Кыргыз тилинде таңгычты билдирүүчү каражаттардын бири -ба мүчөсү жөнүндө кыскача маалыматтар окуу китептеринде камтылып, этиштин грамматикалык категорияларынын курамында (ыңгай, чак, жак) семантикалык оппозиция (этиштин оң жана терс формасы) катары изилденген. Демек кыргыз тил илиминде таңгыч категориясы этиштин терс формасынын чегинде гана каралып келе жатат. Төмөндө мына ошол ЖОЖдор үчүн жазылган окуу китептеринин айрымдарына токтолсок.

Алгачкы окуу китептердин бири катары белгилүү болгон К. Тыныстановдун “Эне тилибиз” (1928) аттуу эмгегинде этиштин терс формасын уюштуруучу -ба мүчөсү “терс буйрук -ба” деп берилген. Окумуштуу негизинен -ба мүчөсү жалганган сөздүн жакталыш өзгөчөлүгүнө токтолуу менен, уңгу сөздүн акыркы муунундагы үндүүгө карай -ба формасынын фонетикалык варианттарынын келип чыгышына, мындай өзгөрүүнү шарттаган үндөштүк мыйзамынын ролуна токтолгон. Ал: “-ба туруктуу уланды болгондуктан, окшошуу (ассимиляция) заңы менен сыйлыгышуу (редукция) заңына багынбайт”, - деп белгилеп өтүп, мындан сырткары өзгөрүүнүн беш учурун көрсөткөн [7, 67-б]. Бул

изилдөөнүн баалуулугу терс маанинин уюшулуу жолуна кыскача токтолгон алгачкы эмгек экендигинде турат.

И. А. Батмановдун «Грамматика киргизского языка» деген эмгегинде таңгычты уюштуруучу айрым каражаттар тууралуу маалыматтарды кезиктиребиз. Эмгектин “Таандык” деген бөлүмүндө таандыктын мүчөлөрү жалганган өзгөчө учурлар баяндалган жерде “бар” жана “жок” лексикалык таңгычтар тууралуу айтылат. Автор буларды этиш сөздөр деп берип, жак мүчө менен келгенде орус тилине у предлогу (*китебим бар – у меня есть книга, китебиң жок – у тебя нет книги*) менен которуларын белгилеп өткөн. Атоочтордун жакталышы бөлүмүндө алардын терс формасы “эмес – не есть” бөлүкчөсү менен уюшуларын белгилеп, эмес сөзүнүн этимологиясына да кыскача токтолгон. Анын пикири боюнча, эмес сөзүндөгү э- азыркы учурда мааниси күңүрттөлгөн “болуу (быть)” маанисин туюндурат [3, 69-б]. Окумуштуу бул окулукта таңгычтын каражаттарына учкай гана токтолуп өткөн.

Б. Орузбаева менен С. Кудайбергеновдун редакторлугу менен жарык көргөн “Кыргыз тилинин грамматикасы” аттуу окуу китеби азыркы учурда да актуалдуу. Бул эмгекте кыргыз тилинин морфологиялык түзүлүшү толук жана кеңири камтылгандыктан, анын илимий жактан да баалуулугу жогору экенин белгилөөгө болот. Кыргыз тилиндеги таңгычтар өзүнчө категория катары каралган эмес, бирок таңгыч ат атооч (эч ким, эчтеме, эч кандай, эч нерсе), сын атооч (-сыз), ошондой эле этиштин жак жана ыңгай категорияларына арналган бөлүмдөрдө этиштин оң формасы менен катар анын терс формасы да талдоого алынган [5, 125; 169; 211; 252-бб].

Ал эми С. Давлетов, С. Кудайбергеновдордун «Азыркы кыргыз тили. Морфология» окуу китебинде жана «Кыргыз адабий тилинин грамматикасында» таңгычты уюштуруучу -ба мүчөсү жана таңгыч ат атоочтор жөнүндө чакан маалыматтар камтылган. Авторлор таңгыч ат атоочтор маани жагынан аныктама жана сурама ат атоочторго карама-каршы турарын жана алар аркылуу берилген маанини жокко чыгаруу үчүн колдонуларын белгилешкен [3].

И. Абдувалиевдин «Кыргыз тилинин морфологиясы» окуу китебинде этиштин маанилик оппозициясы, аны уюштуруучу каражаттар тууралуу бир топ кенен маалымат берилет. Ал этиштин терс түрүн уюштурган эки жолду көрсөтөт: 1) терс маани мүчөсүнүн (-ба) этиштик негиздерге жалганышы менен; 2) *жок, эмес, элек* деген сөздөрдүн этиштерге кошулуп айтылышы аркылуу. Окумуштуу этиштин терс түрүнө мындай аныктама берет: «Кыймыл-аракеттин ишке ашышын, ишке ашып жатканын жана заттардын ар кандай бейпилдик абалда болушун тескери, карама-каршы маанилерди туюндурган этиштер этиштин терс түрү деп аталат» [1, 146-147-б]. Ошондой эле мүчөлөрдүн агглютинациясындагы -ба формасынын жалганыш тартиби, таңгычты уюштуруучу жок, эмес, элек каражаттарынын айкашуу өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү маалыматтар да берилген.

Соңку мезгилдерде этиштин чак категориясы жана сүйлөмдүн семантикасы боюнча жазылган изилдөөлөрдө этиштин терс формасынын чегинде таңгыч тууралуу учкай маалыматтар камтылганын белгилөөгө болот [7, 276-279-б; 9, 288-290-б; 10, 276-280-б].

Кыргыз тили боюнча жазылган окуулуктарда камтылган маалыматтарды жыйынтыктап айтканда, таңгыч категориясы этиштин терс формасынын, таңгыч ат атоочтордун жана сын атоочтун чегинде гана каралып келген. Биз изилдөөбүздө ушулар менен эле чектелбей, таңгыч маселесин бир топ кеңири кароо зарыл экенин белгилейбиз. Таңгыч категориясына төмөнкүдөй мүнөздөмө беребиз: «Лингвистикалык таңгыч логика-философиялык негизге ээ болуу менен, белгилүү бир предметтин, кубулуштун, аракеттин жоктугу жөнүндөгү жалпыланган түшүнүктү, объективдүү чындыктагы алардын ортосундагы байланышты чагылдырат. Таңгыч реалдуу чындыктагы тигил же бул нерсенин (предмет, кубулуш, сапат, аракет ж.б.) жоктугун билдирет».

Демек, кыргыз тил илиминде айрым окуу китептерин эске албаганда, таңгыч категориясын бирдиктүү, көп деңгээлдүү функционалдык-семантикалык категория катары изилдеген эмгектер жокко эсе. Негизинен, бул маселе этиштин терс формасынын чегинде гана каралып, анын негизги грамматикалык каражаты болгон -ба (-ма, -ме) мүчөсүнө талдоо жүргүзүлгөн. Окуу китептеринде жана

грамматикалык эмгектерде таңгыч өз алдынча тилдик категория катары каралбастан, башка грамматикалык түзүмдөрдүн курамында каралып келген.

Бирок таңгыч – бул көп кырдуу лингвистикалык кубулуш. Ал реалдуу чындыктагы предметтердин, кубулуштардын, кыймыл-аракеттердин жоктугун билдирип, логика-философиялык негизге ээ. Ошондуктан аны этиштин терс формасынын чегинен сырткары функционалдык-семантикалык жактан кеңири изилдөө зарыл. Таңгычтын табиятын, лингвистикалык статусун, тилдин ар кайсы деңгээлдериндеги (морфология, синтаксис, лексика) кызматын, ошондой эле анын башка тилдердеги өзгөчөлүктөрү менен салыштырып изилдөө кыргыз тил илиминин алдында турган маанилүү милдеттердин бири болуп эсептелет. Таңгычтын табияты жана маңызы, тануу чагылдырган каражаттардын функционалдык-семантикалык белгилери атайын изилдөөнү талап кылган маселелерден болуп саналат.

Колдонулган адабияттар

1. Абдувалиев, И. Кыргыз тилинин морфологиясы : окуу китеби / И. Абдувалиев. – Бишкек, 2008. – 284 б.
2. Батманов, И. А. Грамматика киргизского языка. Вып. II. Имена / И. А. Батманов. – Фрунзе : Киргизгосиздат, 1940. – 289 с.
3. Давлетов, С. Азыркы кыргыз тили. Морфология / С. Давлетов, С. Кудайбергенов. – Фрунзе : Илим, 1980.
4. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы / ред. С. Кудайбергенов [ж. б.]. – Фрунзе : Илим, 1980. – 538 б.
5. Кыргыз тилинин грамматикасы. Морфология / ред.: Б. Орузбаева, С. Кудайбергенов. – Фрунзе : Кыргыз мамлекеттик окуу-педагогика басмасы, 1964. – 379 б.
6. Махмуд Кашкаринин «Дивану лугат-ат түрк» сөздөгүндөгү макал-лакаптар / түз.: М. Толубаев, С. Каратаева. – Бишкек, 2010. – 66 б.
7. Тыныстан уулу, К. Эне тилибиз / Касым Тыныстан уулу. – Фрунзе : Кыргызстан мамлекет басмасы, 1928.
8. Элчиев, Ж. Сүйлөмдөгү эскерүү, эскертүү жана эстетүү маанилеринин берилүү өзгөчөлүктөрү / Ж. Элчиев // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2014. – № 2. – С. 254–259.
9. Бабатүрк, Л. С. Историческое развитие форм прошедшего времени глагола в турецком языке / Л. С. Бабатүрк // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2016. – № 7. – С. 288–290.
10. Султанова, А. А. Кыргыз тилинде этиштин келер чак маанилеринин иликтениш маселелери / А. А. Султанова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2021. – № 3. – С. 276–280.

Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты Халилова Т.Т.

УДК 81' 244:61
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-137-143

Көлбаева Г.И.
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
Көлбаева Г.И.
Ошский Государственный Педагогический университет
Kolbaeva G.I.
Osh State Pedagogical university

ORCID 0009-0006-5070-2651